# КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ

**Бир туура жooптуу тест тапшырмалары.**
Ар бир тапшырмага жооптун **2-4 варианты** сунушталган. **Алардын ичинен 1 гана жооп туура.** Туура жоопту белгилегиле.

**№1.** Контролдоо ыкмаларына эмне кирбейт?
А) оозеки экзамен
Б) сөздүк жат жазуу
В) өз ара баа беришүү
Г) компьютердик тест

**№2.** Мектепте билим берүүнү уюштуруунун формасын белгилегиле.
А) класс
Б) сабак
В) класстык саат
Г) чогулуш

**№3.** Стандарттуу эмес сабак стандарттуу сабактан эмнеси менен айырмаланат?
А) түшүндүрүүнүн узактыгы
Б) текшерүүнүн формасы
В) коюлган максаты
Г) иштелип чыккан үлгүсү

**№4.** Адабияттагы көркөм тип деген эмне?
А) чыгармадагы сюжеттик түзүлүш
Б) конкреттүү каармандын жалпыга таандык белгилеринин берилиши
В) улутубузда калыптанып келген көркөм үлгүлөрү
Г) каармандардын бири-бири менен болгон баарлашуусу

**№5.** Адабий чыгарманы талдоо түшүнүгүнө кирген туюндурмаларды белгилегиле.
А) чыгарманын сюжеттик түзүлүшүнө түшүндүрмө берүү, аңгеме куруу
Б) конкреттүү каармандын мүнөздөмөсүнүн жалпыга таандык экенин чечмелөө
В) жазуучу сүрөттөгөн турмуштук кырдаал кандайча чагылдырылганын, бааланарын талдоо
Г) каармандардын бири-бири менен болгон баарлашуусун стилдер боюнча талдоо

**№6.** Белгиленген сөздүн сөз түркүмүн аныктагыла. Илгери сөзгө <u>жыгылыш</u> өлүмгө тете болгон.
А) зат атооч
Б) сын атооч
В) атоочтук
Г) кыймыл атооч

**№7.** Бөлүкчө катышкан сүйлөмдү белгилегиле.
А) Эмгекчилдиги кудум улуу адамдардын өмүрүнө окшоп кетет.
Б) Ошол жолдо келаткан узак марага жан таштап умтулган.
В) Эзели балта менен талкалап ача албастыгын билген.
Г) Балким, ушул үчүн өмүрүбүз кийинкилерге баалуу болот.

**№8.** Метафора катышкан сүйлөмдү белгилегиле.
А) Эл башындагылар бөлүнүп баштады.
Б) Үй-бүлө эрежеси темирдей катуу болду.
В) Башканын байлыгына сугун артпайт.
Г) Көлдө каз -өрдөгү чүмкүп ойнойт.

**№9.** Натыйжалоо маанисинде колдонулган киринди сөз катышкан сүйлөмдү белгилегиле.

А) Мындайча айтканда, ал иш биздин балдардын колунан келет.
Б) Аселдин айтканына караганда, жүрүш эртең болот.
В) Кандай болбосун, айылдагыларга кезигишим керек.
Г) Менин оюмча, кыштан салынган үй болот го.

**№10.** Кайсы катардагы белгиленген сөздөгү уңгуга атоочтук мүчөсү жалганып турат?
А) Жөндөмдүүлүктөрүнүн негизинде тандалат.
Б) Жашоодо алгандын бермеги да болот.
В) Айтылбай турган сөз эле айтылып кетти өзү эле.
Г) Алдыга илгерилөө мүмкүнчүлүгү берилген эле.

**№11.** Атоочтук түрмөк катышкан сүйлөмдү белгилегиле.
А) Алардын катарында менчик комбинаты менчиктештирилди.
Б) Аман бастырып чыкканда эле аттын оозун коё берди.
В) Алыскы туугандар жайы-кышы көчүп –конуп мал артында жүрүшүптүр.
Г) Турмуш-тиричилиги оңолуп калган Аман машина алууну көздөптүр.

**№12.** Белгиленген сөздөрдөн, сөз айкаштарынан жандама мүчөнү белгилегиле.
А) Акелер өтө боорукер, камкор адамдар эле.
Б) Мойт аке мүнүшкөр, саяпкер, даанышман инсан болгон.
В) Шаршен Баястанов кызыгуу менен цехти аралап басып жүргөн.
Г) Ичтеги эргүүсүн акындар гана сыртка чыгара алат.

**№13.** Маанисине карата баш сүйлөм менен толуктагыла.
Сыртты тыңшап тынчы кеткен Амандын жүрөгү дүк-дүк, …..
А) жүзү өзгөрбөй турат
Б) кыялы кайдадыр алып учат
В) билимдүү болуусуна тарбияланган
Г) өмүр бою жүрөгү ооруйт

**№14.** *Коктусу сайын кекилик,*
*Көк кушту көктөн көргөндө,*
*Кобулга качат бекинип.*
*Көк ирим дайра көлүнөн,* - деген ыр саптарында аллитерациянын кандай түрлөрү берилген?

А) аллитерациянын тигинен келиши
Б) аллитерациянын туурасынан келиши
В) аллитерациянын тигинен да туурасынан да келиши
Г) ассонанстын тигинен келиши

**№15.** Алыкул акындын фольклордук сюжеттерге таянуу менен жазылган поэмалары кайсылар?
А) “Домонун кызы”, “Мүнөз оюну”, “Мырза уул”
Б) “Менин энем”, “ Ким болду экен”, “Үч аяк”
В) “Жеңишбек”, “Майдын түнү”, “Махабат”
Г) “Отелло”, “Он экинчи түн”

**№16.** *“Биз буларды сынга алсак,*
*Жүрөгү түшүп калмакпы?*
*Ансыз деле,*
*Чыдап келдик,*
*Кесе тиштеп бармакты.”* – бул ыр саптары Мидиндин кайсы чыгармасынан?
А) “Ак чүч” Б) “Кошоматчы” В) “Саадат кандидат” Г) “Бюрократ”

**№17.** Т. Сыдыкбековдун “Көк асаба” романы боюнча тарыхчылардын айланасында кайчы пикирди туудурган жагдайдын себептери эмнеде?
1) кыргыз элинин тархый доорунан маалыматтардын аздыгы
2) романдагы каармандар жазуучунун оюнан чыгарылгандыгы
3) турмуш чындыгын чагылдыргандыгы
4) чыгармадагы поэтикалуулуктун өксүктүгү

А) 1, 4 В) 4, 3 В) 1, 2 Г) 3, 1

**Текстти окуп чыгып, тапшырмаларга жооп бергиле.**

**Шибердин Темзага келе турган жарандарынын укуктары жана милдеттери**

**1.Темзага жашап туруу укугун алуу (биринчи жолку кайрылуу):**

- Жашап туруу укугун алуу үчүн Tez.gov.tz. сайты аркылуу Темзанын аймагында визанын мөөнөтү же визасыз жүрүү мөөнөтү бүтө электе кайрылуу жасоо керек. Жаран система аркылуу арыздын формасын толтуруп, кайрылууну аяктагандан кийин, документтерди кабыл алуу убактысына чейин Темзанын аймагында мыйзамдуу түрдө калуу укугун алат;
- Жарандын Темзада жашап турууну өтүнгөн убакыттын башталышынан бүткөнгө чейин медициналык камсыздоосу болушу шарт. Миграция башкармалыгынын адиси Жарандын кайрылуусун карап чыгып, кошумча документтерди талап кылышы ыктымал жана ал документтерди өз убагында жеткирүү керек. Болбосо, кайрылуу жараксыз деп эсептелет. Жашап туруу укугун берген документ жаран көргөзгөн адреске Миграция башкармалыгы тарабынан почта аркылуу жөнөтүлөт. Жаран жашап туруу укугун берген документти ар дайым жанында алып жүрүшү керек;
- Документти алгандан кийин, 20 күн ичинде Адрес каттоо системасына катталуу үчүн жашаган жердеги Жарандык абалды каттоо башкармалыгына кайрылуу керек.

**2. Жашап туруу укугун узартуу үчүн кайрылуу:**

- Жашап туруу укугун узартуу үчүн, документиңиздин мөөнөтүнүн бүтөрүнө 60 күн калгандан баштап, мөөнөтү бүткүчө Tez.gov.tz. сайты аркылуу кайрылуу керек, бул талаптар аткарылбаган учурда штраф салынат.
- Эгер жашап туруу укугун узартуу үчүн кайрылганда электрондук система документтерди кабыл алуу күнүн белгилебесе, 5 жумуш күнү ичинде Миграция башкармалыгына почта аркылуу арыздын формасын жана керектүү документтерди жөнөтүү керек. Арызды электрондук түрдө толтуруу шарт, документтерди колдон тапшыруу үчүн келгендер кабыл алынбайт.
- Жашап туруу укугун узартуу үчүн кайрылганда адрес боюнча арыздын кабыл алынышы үчүн, мурунтан Адрес каттоо системасына катталуу керек. Батирди ижарага алуу туралуу келишим арыз тапшыруу үчүн жетишсиз. Кайрылуунун кабыл алынышынын баштапкы шарты болуп Адрес каттоо системасында жарандын каттоосунун болушу эсептелет.

**3. Өздүк маалыматты жаңылоо:**

- Жарандын адреси, үй бүлөлүк абалы, паспорттогу өздүк маалыматтар өзгөргөн учурда 20 жумуш күнү ичинде Миграция башкармалыгына керектүү арыз берүү керек. Болбосо, Сизге штраф жазылат же жашап туруу укугуңуз жокко чыгарылат.

**№18**. Темзада жашап турганга уруксат алуу үчүн жарандар кайда кайрылышы керек?

А) Жарандык абалды каттоо башкармалыгына
Б) Жергиликтүү үй-бүлөнү коргоо бөлүмүнө
В) Жаранды медициналык камсыздоо борборуна
Г) Миграция башкармалыгына сайт аркылуу

**№19**. Жарандын медициналык камсыздалганы жөнүндө маалыматтын мааниси кайсы?

А) жарандын дайыма жанында жүрүүчү документ
Б) медициналык жардам алуу укугун камсыздайт
В) башкармалыкта катталганы тууралуу тастыктама
Г) жарандын адресин эрте каттоону камсыз кылуу

**№20.** Төмөндөгү жарандар жашоого уруксат кагазын алышкан. Алар башка өлкөнүн мыйзамдарын сыйлашат. Дарек каттоо үчүн жарандык абалын каттоо бөлүмүнө кимиси кайрылышы керек? Ар бир саптан «ооба» же «жок» дегенди белгилегиле.

| | |
|---|---|
| Касымдын Темзага келгенине 60 күн болду. | ооба/ жок |
| Алиянын Темзага келгенине 5 күн болду. | ооба/ жок |
| Канаттын Темзада жүргөнүнө 30 күн болду. | ооба/ жок |

**№21**. Азизге Темзага жашоого 4 айга уруксат берилген. Ал эми Азиздин анда жашаганына 130 күн болду. Азиз «Темзада дагы 90 күн жашайм» - деп чечти. Кандай кадамдарды жасашы керек?

А) Миграция департаментинен мөөнөтүн гана узартат.

Б) Аймактык бөлүмдөн паспортунун мөөнөтүн узартат.

В) Тиешелүү жерге айып пул төлөп, кайрадан катталат.

Г) Элчилик уруксат кагазын текшерип, узартып гана берет.

**Кыска жооптуу тапшырма. Кыска** (бүтүн сан, же бир сөз) жоопту талап кылат.

**№22**. Жашап туруууга 90 күнгө укук берген кагазы бар жаран Темзанын аймагында 4 ай жүрө алабы? Туура жообун жазгыла.______________________________________________________________________

**Дал келүүнү аныктоого берилген тест тапшырмалары**. **Сол жакта** берилген ар бир элементке **оң жактагы** элементтердин ичинен дал келгенин тапкыла (б.а. дал келген эки элементти туташтыргыла). Бир тамганын тушуна бир гана сан жазылат.

**№23.** Сүйлөмдөрдү мүнөздөмөлөрү менен дал келтирип туташтыргыла.

| | **Сүйлөмдөрдүн түрлөрү** | | **Сүйлөмдөрдүн мүнөздөмөсү** |
|---|---|---|---|
| А | Капырай, деле сенин балдарыңдын бир үнүн укпайбыз. | 1. | Жөнөкөй сүйлөм, атоочтук түрмөк менен татаалданган. |
| Б | Төөнү байлап коёсуң го, Дүйшеке? | 2. | Жөнөкөй сүйлөм, киринди сөз менен татаалданган. |
| В | Ала барайын дегениңиз, албетте, жакшы. | 3. | Жөнөкөй сүйлөм, сырдык сөз менен татаалданган. |
| Г | Түн жарымы оой шатыратып келген жаан басылып барат. | 4. | Татаал сүйлөм. |
| | | 5. | Жөнөкөй сүйлөм, каратма сөз менен татаалданган. |

**Жообу:**

| | |
|---|---|
| А | |
| Б | |
| В | |
| Г | |

**№24.** Тыныш белгилери коюулбаган сүйлөмдөргө тыныш белгилерин дал келтирип туташтыргыла.

| | **Тыныш белгилери коюлбаган сүйлөмдөр** | | **Тыныш белгилер** |
|---|---|---|---|
| А | Болуптур эми деди ал баары болбогон сөз. | 1. | Обочолонгон түшүндүрмө мүчө тыныш белгиси |
| Б | Ашым кадимки эле нарындык чабан. | 2. | Төл жана бөтөн сөздүн тыныш белгилери |
| В | Кыскасы бул жолу келгендер бөлөк-бөтөн элдерден эмесл | 3. | Киринди сөздүн тыныш белгиси |
| Г | Кыргызстандын айыл чарбачылыгы сүт эт, өндүрүү, дүйнөдө алдыңкы орунду ээлеген. | 4. | Ээ менен баяндоочтун ортосуна сызыкчанын коюлушу |
| | | 5. | Татаал сүйлөмдүн тыныш белгиси |

**Жообу:**

| | |
|---|---|
| А | |
| Б | |
| В | |
| Г | |

**№25.** Чыгарманы жанры менен дал келтирип туташтыргыла.

| | | | |
|---|---|---|---|
| А | аңгеме | 1. | “Ыр сабындагы өмүр” |
| Б | повесть | 2. | “Ашым” |
| В | роман | 3. | “Келкел” |
| Г | эссе | 4. | “Гүлсарат” |
| | | 5. | “Байыркы жомок” |

**Жообу:**

| | |
|---|---|
| А | |
| Б | |
| В | |
| Г | |